Аккредитациялык кеңеш тарабынан каралды

Протокол №9 2024-жылдын 4-июлу

Бекитемин

Агенттиктин директору Г.З. Востонова

# PhD ФИЛОСОФИЯ ДОКТОРУН/ПРОФИЛДҮҮ ДОКТОРДУ ЖАНА ОРДИНАТОРЛОРДУ ДАЯРДОО БОЮНЧА ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙДАН КИЙИНКИ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАЛАРЫН АККРЕДИТАЦИЯЛООНУН СТАНДАРТТАРЫ ЖАНА КРИТЕРИЙЛЕРИ.

PhD философия докторун/профилдүү докторду жана ординаторлорду даярдоо боюнча жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүү программаларын аккредитациялоонун стандарттары жана критерийлери. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы № 246 токтому менен бекитилген «Билим берүү чөйрөсүндөгү аккредитациялоо талаптары жана критерийлери», Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 18-сентябрындагы № 491 "Улуттук квалификациялык алкактарды бекитүү жөнүндө" токтомдордун аккредитациялоого койгон талаптарына ылайык иштелип чыкды.

## 1- аккредитациялоо стандарты

1- стандарт. Билим берүү программаларын иштеп чыгуу, бекитүү жана мониторинг жүргүзүү

1-стандарттын критерийлери:

1.1. Билим берүү уюму өз көз карашына, так аныкталган жана кабыл алынган билим берүү уюмунун миссиясына ээ болууга, анын негизинде иштелип чыккан жана кызыктар тараптардын керектөөлөрүн канааттандырган бекитилген стратегиялык жана учурдагы иш мерчемдерине ээ болууга тийиш. Билим берүү уюмунун миссиясынын негизинде иштелип чыккан жана кабыл алынган билим берүү максаттарынын жана күтүлгөн окутуунун натыйжаларынын болушу.

1.2. Билим берүү уюму стратегиялык жана учурдагы иш мерчемдердин, билим берүүнүн максаттарынын, окуунун натыйжаларынын аткарылышына жыл сайын мониторинг жүргүзүүнү, ишке ашыруунун натыйжаларына талдоо жүргүзүүнү жана тиешелүү оңдоолорду киргизүүнү камсыз кылууга милдеттүү.

1.3. Билим берүү уюму билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу системасын ишке ашырууга, көзөмөлдөөгө жана кайра карап чыгууга билим берүү уюмунун жетекчилигинин, кызматкерлеринин, PhD докторанттарынын/, ординаторлорунун жана кызыктар тараптардын катышуусун көрсөтүүгө милдеттүү.

1.4. Билим берүү уюму билим берүүнүн сапатын башкаруунун документтештирилген системасын колдонуу менен билим берүүнүн сапатын камсыз кылуу системасын ишке ашырууга тийиш.

1.5. Билим берүү уюму билим берүүнүн сапатын башкаруунун документтештирилген системасын колдонуу менен, анын ичинде билим берүү программасынын деңгээлинде

сапатты камсыздоо системасын ишке ашыруу үчүн жооптуу билим берүү уюмунун жооптуу адамдарынын (кызматтарынын) болушун көрсөтүшү керек.

1.6. Билим берүү уюму/программасы кызыктар тараптардын миссия, стратегия, аларды түзүү жана ишке ашыруу процесстери жөнүндө кабардар болушун камсыз кылууга тийиш.

**2 -аккредитациялоо стандарты**

**2 стандарт. PhD докторанттарды/ординаторлорду кабыл алуу жана окутуунун жыйынтыктарын таануу.**

2-стандарттын критерийлери:

2.1. Билим берүү уюму PhD докторанттарды/ординаторлорду тандоонун жана кабыл алуунун калыс жана объективдуу жол-жоболорун көрсөтүшү керек, мында потенциалдуу докторанттарды кабыл алууда негизсиз тоскоолдуктар болбошу керек.

2.2. Билим берүү уюму PhD докторанттардын/ординаторлордун кабыл алуу эрежелерин, процессин жана критерийлерин ачык жана ырааттуу колдонууну көрсөтүшү керек.

2.3. Билим берүү уюму тандаган билим беруу жолу, ошондой эле академиялык мобилдүүлүк программалары жана карьералык мүмкүнчүлүктөр боюнча PhD докторанттардын/ординаторлордун өз убагында жана толук маалымат жана кеңештерди алгандыгын көрсөтүшү керек.

2.4. Билим берүү уюму PhD докторанттардын/ординаторлордун окуудагы жетишкендиктери жөнүндө маалыматтарды чогултуунун, мониторинг жана байкоо жүргүзүүнүн так жол-жоболорун жана инструменттерин камсыз кылууга милдеттүү.

2.5. Билим берүү уюму PhD докторанттардын/ординаторлордун күтүлгөн окуу натыйжаларына жетүү жана алардын академиялык мобилдүүлүгүн камсыздоочу квалификациялык жана окуу мөөнөттөрүн таануунун объективдүү механизмдерин камсыз кылууга тийиш.

2.6. Билим берүү уюму билим берүү программасын аяктаган жана окуу натыйжаларына жетишкен PhD докторанттардын/ординаторлордун билимин, квалификациясын жана аны бүткөндүгүн тастыктаган документин берүүгө милдеттүү.

**3 -аккредитациялоо стандарты**

**Стандарт 3. Инсанга багытталган билим берүү жана PhD докторанттардын/ординаторлордун ) жетишкендиктерин баалоо.**

3-стандарттын критерийлери:

3.1. Билим берүү программасы педагогикалык ыкмаларын, билим берүү формаларын жана технологияларын, анын ичинде электрондук жана аралыктан окутууну баалоо жана тууралоо үчүн PhD докторанттардын/ординаторлордун үзгүлтүксүз кайтарым байланышын колдонууну көрсөтүшү керек.

3.2. Билим берүү программасы көз карандысыз баа берүү, баалоо ыкмалары жана критерийлери боюнча атайын даярдалган адистерди (академиялык коомчулуктун жана практиканын өкүлдөрүн) тартууну, ошондой эле PhD докторанттардын/ординаторлордун билимин көз карандысыз баалоонун башка жол-жоболорун колдонууну эске алышы зарыл.

3.3. Билим берүү программасы өз сайтында PhD докторанттардын/ординаторлордун жетүүгө тийиш болгон окуунун күтүлгөн натыйжаларына карата адекваттуу болгон

критерийлерди жана баалоо ыкмаларын жайгаштырууга, ошондой эле PhD докторанттардын/ординаторлордун окуунун пландаштырылган натыйжасына жетишүү деңгээлин көрсөтүүгө тийиш.

3.4. Билим берүү программасы окуунун натыйжаларын баалоодо ачык-айкындуулукту, көз карандысыздыкты жана объективдүүлүктү, анын ичинде жеңилдетүүчү жагдайларды жана даттануу (апелляция) жол-жобосун караштырууга тийиш.

3.5. Билим берүү программасы кызыкдар тараптарга колдонулган жол-жобо, формалар жана баалоо критерийлери, ошондой эле натыйжаларды баалоонун жыйынтыктары жөнүндө маалымдоо механизмдерин жана формаларын көрсөтүүгө тийиш.

3.6. Билим берүү программасы PhD докторанттардын/ординаторлордун окуусун таштап кетүүсүнүн себептерин талдап, алардын көрсөткүчтөрүн жакшыртуу жана студенттерди калтыруу боюнча чараларды көрүүгө тийиш.

3.7. Билим берүү программасы PhD докторанттардын/ординаторлордун арыздарына (даттанууларына) жооп берүү жана кароо үчүн иштелип чыккан жана ишке киргизилген жол-жоболорун көрсөтүүгө тийиш.

3.8. Билим берүү программасы билим берүүнүн сапатын жогорулатуу максатында инновациялык окуу-методикалык ресурстарды, педагогикалык ыкмаларды, формаларды жана технологияларды колдонууну көрсөтүүгө тийиш.

3.9. Билим берүү уюму/программасы PhD докторанттардын/ординаторлордун ар кандай топторунун муктаждыктарын аныктоого жана аларды кошумча курстар, факультативдер жана ийримдер аркылуу канааттандырууга тийиш.

3.10. Билим берүү уюму/программасы PhD докторанттардын/ординаторлордун жеке окуу жолун, академиялык мобилдүүлүктү калыптандыруу жана билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн башка варианттарын колдонуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга тийиш.

3.11. Билим берүү уюму/программасы билим берүү кызматтарын көрсөтүүнүн ийкемдүү варианттарын (анын ичинде электрондук, аралыктан окутуу технологияларын) колдонууну көрсөтүшү керек.

3.12. Билим берүү программасы PhD докторанттардын/ординаторлордун жеке жетишкендиктерин колдоого багытталган өз алдынча билим алуу жана илимий изилдөө чөйрөсүндө окутуучулардын жана PhD докторанттардын/ординаторлордун өз ара аракеттенүүсү аркылуу окуу процессин уюштурууну камсыз кылууга тийиш.

**4 -аккредитациялоо стандарты**

**Стандарт 4. Педагогикалык жана окуу-көмөкчү кызматкерлер**

4-стандарттын критерийлери:

4.1. Билим берүү уюму Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарына ылайык педагогикалык жана окуу-көмөкчү персоналды ишке алуунун, жогорулатуунун ачык-айкын жана объективдүү критерийлерин камсыз кылууга тийиш.

4.2. Билим берүү уюму/программасы бардык кызматкерлердин кесиптик компетенттүүлүгүн камсыз кылуу үчүн билим берүү уюмунун кадр саясатын иштеп чыгууга, кайра карап чыгууга жана өркүндөтүүгө мүмкүндүк берүүчү механизмдерге ээ болууга тийиш.

4.3. Билим берүү уюму/программасы окутуучуларга Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына жооп берген, окуунун натыйжаларына жетишүүгө жана билим берүү программасынын сапатын жогорулатууга көмөктөшүүчү окуу пландарын,

окуу куралдарын, окуу китептерин иштеп чыгуу жана басып чыгаруу үчүн шарттарды түзүүгө тийиш.

4.4. Билим берүү уюму/программасы педагогикалык персоналдын, билим берүүчү жана тейлөөчү персоналдын квалификациясын мезгил-мезгили менен жогорулатууну камсыз кылууга тийиш.

4.5. Билим берүү уюму/программасы педагогикалык жана окуу-көмөкчү персоналдын квалификациясын жогорулатуунун туруктуу тутумунун болушун камсыз кылууга тийиш, бул алардын квалификациясын жогорулатууга көмөктөшөт жана алардын иш чөйрөсүндөгү акыркы өзгөрүүлөр жөнүндө дайыма кабардар болуп турууга мүмкүндүк берет.

4.6. Билим берүү уюму/программасы окутуучуларды билим берүүнүн инновациялык методдору жана технологиялары боюнча мезгил-мезгили менен окутуу үчүн шарттарды түзүүнү камсыз кылууга тийиш.

## 5 -аккредитациялоо стандарты

### Стандарт 5. Материалдык-техникалык база жана маалымат ресурстары..

5-стандарттын критерийлери:

5.1. Билим берүү уюму/программасы билим берүү программасын Мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарына ылайык жана ар кандай топтордун, анын ичинде ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген PhD доктoранттар/ординаторлор үчүн жеткиликтүү болгон зарыл материалдык ресурстар менен (кабинеттер, лабораториялар, компьютердик класстар, окуу жабдуулары, китепкана фондулары ж.б.) камсыз кылууга тийиш.

5.2. Билим берүү уюму/программасы негизги билим берүү программасынын максаттарына ылайык келген окутуу аянтынын туруктуулугун жана жетиштүүлүгүн камсыз кылууга тийиш.

5.3. Билим берүү уюмунун/программасынын окуу жайлары Кыргыз Республикасынын эмгекти коргоо жаатындагы мыйзамдарына ылайык, санитардык-гигиеналык ченемдерге, эрежелерге жана өрт коопсуздугунун талаптарына, ошондой эле эмгекти коргоонун жана коопсуздуктун талаптарына ылайык келүүгө тийиш.

5.4. Билим берүү уюму/программасы PhD доктoранттарды/ординаторлорду жатакана менен камсыз кылууга, жашоо, окуу жана эс алуу үчүн шарттарды түзүүгө тийиш.

5.5. Билим берүү уюму/программасы PhD доктoранттар/ординаторлор үчүн заманбап жана жеткиликтүү китепкана ресурстары менен камсыздоого, ал эми китепкана фонду Мамлекеттик стандарттарга ылайык билим алууга керектүү окуу китептери менен жабдуу керек. Окуу залдарында жана китепканаларда иштөө үчүн шарттар түзүлүүсү зарыл.

5.6. Билим берүү уюму тамактануу (ашкана же буфет) жана фельдшердик-акушердик пункттарда медициналык тейлөө үчүн тийиштүү шарттарды түзүүгө тийиш.

5.7. Билим берүү уюму PhD доктoранттардын/ординаторлордун окуу процессии толук ишке ашыруу үчүн зарыл болгон жабдуулар, окуу китептери, окуу куралдары жана башка окуу-усулдук, анын ичинде электрондук материалдар менен камсыз кылууга милдеттүү.

5.8. Билим берүү уюму PhD доктoранттарды/ординаторлорду окутуунун натыйжаларына жетүү үчүн колдоо жана дем берүү максатында тийиштүү кадрдык ресурстар менен (академиялык кеңеш берүүчүлөр, практика боюнча жетекчилер, кураторлор, жатаканадагы тарбиячылар, медициналык кызматкерлер, психологдор ж.б.) камсыз кылууга тийиш.

## 6 -аккредитациялоо стандарты

**Стандарт 6. Билим берүү программалары боюнча илимий-методикалык жана изилдөөчүлүк иштер.**

6-стандарттын критерийлери:

6.1. Билим берүү уюму/программасы окутуучулардын жана PhD докторанттарды/ординаторлорду илимий ишмердүүлүгү үчүн тиешелүү шарттарды камсыз кылууга тийиш.

6.2. Билим берүү уюму/программасы окутуу менен илимий изилдөөнүн ортосундагы байланышты чыңдоо үчүн окутуучулардын илимий ишмердүүлүгүн сыйлоо системасы болушу керек.

6.3. Билим берүү программасы окутуучулардын жана PhD докторанттарды/ординаторлорду илимий жана илимий-методикалык изилдөөлөрдү жүргүзүүсүн көрсөтүүгө, илимий/эксперименталдык изилдөө иштеринин уникалдуулугун камсыз кылууга тийиш.

6.4. Билим берүү программасы жетиштүү материалдык жана маалыматтык ресурстарга ээ жана алардын илимий изилдөөлөр үчүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат.

6.5. PhD докторантура/ординатура билим берүү программасы диссертациялык изилдөө долбоордун темасын ата мекендик жана чет өлкөлүк илимдин акыркы теориялык, методологиялык жана технологиялык жетишкендиктерине, илимий изилдөөнүн заманбап ыкмаларына, эксперименталдык маалыматтарды иштеп чыгууга жана интерпретациялоого ылайык иштеп чыгууга тийиш.

6.6. Билим берүү программасы илимий-изилдөө стажировкаларын жана илимий натыйжаларды жана кадрларды алмашууга көмөктөшөт.

6.7. Билим берүү программасы өзүнүн илимий изилдөөлөрүнүн натыйжаларын окуу процессинде жана/же өндүрүштө колдонууну көрсөтүшү керек.

6.8. Билим берүү программасы кызматкерлердин, PhD докторанттардын/ординаторлордун илимий иштерин кадыр-барктуу басылмаларда жарыялоо активдүүлүгүн жогорулатуу боюнча иш-аракеттерди жүргүзүүдө. Изилдөө натыйжаларын жарыялоодо PhD докторанттарга/ординаторлорго жардам берүү.

## 7-аккредитациялоо стандарты

**7-стандарт. Маалыматтарды башкаруу жана аны коомчулукка жеткирүү.**

7-стандарттын критерийлери:

7.1. Билим берүү уюму билим берүү программасын натыйжалуу башкаруу үчүн зарыл болгон маалыматтарды чогултуу, талдоо жана жайылтуу (билим берүү уюму өзүнүн билим берүү максаттарын пландаштыруу жана ишке ашыруу үчүн төмөнкү маалыматтарды чогултуу, системалаштыруу, синтездөө жана сактоо) механизмдерине ээ болууга тийиш:

- PhD докторанттардын/ординаторлордун контингенти жөнүндө маалымат;
- PhD докторанттардын/ординаторлордун сабакка катышуусу жана жетишкендиктери жөнүндө маалыматтар;
- PhD докторанттардын/ординаторлордун, бүтүрүүчүлөрдүн жана иш берүүчүлөрдүн билим берүү программаларын ишке ашырууга жана натыйжаларына канааттануусу;
- материалдык жана маалыматтык ресурстардын болушу;

- бүтүрүүчүлөрдү ишке орноштуруу;
- PhD докторанттардын/ординаторлордун илимий-изилдөө иштеринин натыйжалары;
- билим берүү уюмунун ишинин негизги көрсөткүчтөрү.

7.2. Билим берүү уюму/программасы коомчулукка өзүнүн ишмердүүлүгү жөнүндө үзгүлтүксүз маалымат берүүгө милдеттүү, анын ичинде:
- миссиясы;
- билим берүү максаттары;
- окутуунун күтүлгөн натыйжалары;
- ыйгарылган квалификациялар;
- окутуунун жана окутуунун формалары жана каражаттары;
- баалоо процедуралары;
- окуучуларга берилген баллдар жана билим алуу мүмкүнчүлүктөрү;
- бүтүрүүчүлөр үчүн ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө маалымат;
-окутуучулардын жана PhD докторанттардын/ординаторлордун илимий-изилдөө ишинин натыйжалары.

7.3. Билим берүү уюму/программасы өзүнүн иши жөнүндө коомчулукка маалымдоо үчүн өзүнүн веб-сайтын, корпоративдик мезгилдүү басылмаларды (гезиттерди, илимий журналдарды, конференциянын материалдарынын жыйнактарын ж.б.), социалдык тармактарды жана жалпыга маалымдоо каражаттарын колдонууга милдеттүү.

7.4. Билим берүү уюму билим берүү мекемесин башкаруунун автоматташтырылган (программалык камсыздоо) системасын көрсөтүшү керек. Көрсөтүлгөн система жок болгон учурда билим берүү уюму аны иштеп чыгууну же сатып алууну жана ишке киргизүүнү пландаштырат.